**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин Физика-техника факультетинин жалпы физика жана ФОУ кафедрасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө МААЛЫМАТ**

| № | ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдери | ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы |
|---|---|---|
| 1. | **ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши (2020-жыл, 30-ноябрь, №2 протокол)** | |
| 1.1 | *«ОшМУда 2019-2020-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер, андан ары өркүндөтүү боюнча чаралары» деп аталган* ***№1-маселе*** *боюнча кабыл алынган* ***чечим*** | |
| | 2. Дүйнөдөгү түзүлгөн пандемия кырдаалында билим берүүдөгү өзгөрүүлөрдү жана жаңы чакырыктарды эске алуу менен бардык структуралык түзүмдөрдө онлайн сабактардын сапатын камсыздоочу шарттарды, механизмдерди иш геп чыгуу жана ишке ашыруу улантылсын | Онлайн сабактардын сапатын камсыздоочу шарттарды түзүү жана механизмдерди иштеп чыгып ишке ашыруу улантылып жатат |
| | 3. Административдик-башкаруу персоналдары жана жетекчилик тарабынан университеттин адам ресурстарын, билим беруу чөйрөсүн, окуу жайдын башкаруунун маалыматтык системасын, методикалык базасын талапка ылайык пландоо иштери күчөтүлсүн жана билим берүү процессии уюштуруу, профессордук-окутуучулук курамга, кызматкерлерге жана студенттерге багыт беруу, финансылык каржылоо, мониторингдөө жана баалоо процесстерин уюштуруу иш-чаралары үзгүлтүксүз аткарылсын | Билим берүү процессии уюштуруу, профессордук-окутуучулук курамга, кызматкерлерге жана студенттерге багыт беруу, финансылык каржылоо, мониторингдөө жана баалоо процесстерин уюштуруу иш-чаралары үзгүлтүксүз аткарылып жатат |
| | 4. Факультеттерде жана колледждерде даярдалып жаткан билим берүү программалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окуу-имараттардын аянттарын кобойтуу, окутуучулук-профессордук курамдын сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу, окуу-адабияттар менен камсыздоо үчүн | Лицензиялык талаптарды аткаруу иштери улантылып жатат, атап айтканда кафедранын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн керектүү окуу каражаттарына (приборлор ж. б.) жана окуу эмеректерди ж. б. жаңылоо боюнча заявка берилди; бул боюнча азыркы учурда |

| | | |
|---|---|---|
| | керектүү китептерди сатып алуу ж.б. лицензиялык талаптарды аткаруу иштери улантылсын | университеттин чарба бөлүмү тендер өткөрүү иштерин алып барууда |
| | 5. Профессордук-окутуучулук курам учун салггуу жана .дралыктан билим беруу, онлайн (синхрондуу жана асинхрондуу) жана аралаш окутуу формалары, билим беруу ресурстары, онлайн окутуу платформалары, студенттерди онлайн окутууга активдуу тартуу жана электрондук тапшырмаларды иштеп чыгуу усулдары боюнча тренинг-семинарлар бардык структуралык тузумдердо регулярдуу гурде еткерулуп туруусу улантылсын | Кафедранын профессордук-окутуучулук курам аталган багытта уюштурулган түрдүү тренинг-семинарларга катышып жатат |
| | 6. Факультеттерде жана колледждерде студенттер жана ата-энелер учун онлайн (аралыктан) окутууга даярдоо, онлайн сабактын эрежелери, ата-энелердин онлайн окуудагы ролу, онлайн окуу учун маалымат-техникалык каражаттарды жана даярдыктарды камсыз кылуу ж.б. боюнча кураторлук сааттарды тынымсыз уюштуруп туруу кураторлорго милдеттендирилсин; № 1749-ФХД/20 14.12.2020 | ФЕ(б)-17 жана ФЕ(б)-1-19 тайпаларында куратордук сааттар тынымсыз уюштурулууда |
| | 7. Университетте иш кагаздарын жугуртууну оптимал-даштыруу, ашыкча бюрократиялык процесстерди жоюу максатында структуралык түзүмдөр аралык электрондук документ алмашууну жүзөгө ашыруу кучетулсун | Кафедра электрондук документ алмашууну жүзөгө ашыруу процессине активдүүкатышууда |
| | 8. Сырттан жана дистанттык окутууда онлайн формада отуп жаткан окуу процессинин жүрүшүн, окутуунун сапатын, студенттердин сабактарга катышуусун жогорулатуу максатында ар бир сабак берген окутуучу-профессордук курамга ез предметтери боюнча онлайн окутуу платформаларында жеке кабинеттерин ачуу жана ага видеолекцияларын, практикалык сабактарын учурдук | Кафедрада сырттан жана дистанттык окутууга окутуучу Макамбаева Ж. катышат; ал онлайн формада отуп жаткан окуу процессин, окутуунун сапатын, студенттердин сабактарга катышуусун тиешелүү талаптарга ылайык жүргүзүүдө |

| | | |
|---|---|---|
| | аралык гекшеруу каражагтарын ез убагында жуктөө милдеттендирилсин | |
| | 9. Практикалардын бардык түрлөрү боюнча онлайн байланышка чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жооптуу жетекчилер тарабынан тиешелүү мөөнөткө, практика өтөөчү жайына ылайыкташтырылып, студенттерге программадагы кесиптик компетенцияларынын, күтүлүүчү натыйжаларынын негизинде так тапшырмалары тузулуп, аларга алдын ала тааныштыруу ишин колго алуу кафедра башчыларына милдеттендирилсин | Кафедрада практикалардын бардык түрлөрү боюнча аталган тапшырмаларды түзүү жана аларды студенттерге тааныштыруу иши такай жүргүзүлүүдө |
| | 10. Сабактардын сапатын жогорулатуу максатында өткөрүлгөн иш-чаралардын (студенттерден анкетирлөө, видеобайкоо, ж.б.,) жыйынтыктары боюнча иштерди күчөтүү кафедра башчыларына жана ПЦКнын төрагаларына милдеттендирилсин | 1-2-курста окуган студенттердин ГСЭ циклине кирген дисциплиналарды өдөштүрүү боюнча өздүк баасын тастыктоочу анкетирлөө жүргүзлдү.<br>2-4-курстардын арасында анкетирлөө иштерин жүргүзүү ушул апрель май айларына пландалган |
| | 11 . 2020-2021-окуу жылында көз карандысыз аккредитациядан өтө турган программаларды даярдоо декандарга жана кафедра башчыларына (программа башчыларына) жүктөлсүн, жалпы көзөмөл, тийишгуу методикалык жардамдарды көрсөтүү АББСДга жана ОИДге милдеттендирилсин | 550200 ФМББ багытынын «физика» профили боюнча НББП 2020-жылдын октябрь айында көз карандысыз ккредитациядан ийгиликтүү өттү |
| | 12. Билим берүүнү интернационалдаштыруу жана бил им экспортун ишке ашыруу багытында университетте окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерге жана өнөктөштөргө өзгөчө көңүл буруп, толеранттуу мамиледе иш алып баруу жана сапаттуу билим беруу жоопкерчиликтери факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна, структура жекгекчилерине жүктөлсүн | Кафедранын жамааты чет өлкөлүк студенттерге өзгөчө көңүл буруп, толеранттуу мамиле жасап жатат |
| | 13. Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясында белгиленген багыттар боюнча | Кафедра аталган көрсөткүчтөргө жетүү багытындагы, эл аралык QS-рейтингге катышуу |

| | | |
|---|---|---|
| | көрсөткүчтөргө жетүү жана эл аралык рейтингдерге катышуу иш-аракеттери күчөтүлсүн | иштерин улантып жатат |
| 1.2 | *«ОшМУда 2019-2020-окуу жылынын содиалдык жана тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деп аталган **№2-маселе** боюнча кабыл алынган **чечим*** | |
| | 2. Тарбиялык жана маданий иш-чаралардын белгилүү эмес мөөнөткө чейин он-лайн форматта мазмундуу жана максаттуу уюштурулуусу декандардын, директорлордун тарбия иштери боюнча орун басарларына, жаштар комитетинин терагаларына жана кураторлорго милдеттендирилсин | ФЕ(б)-17 жана ФЕ(б)-1-19 тайпаларынын кураторлору улук окутуучулар Курбаналиев М. Б. жана Эгемназарова А. Ж. аталган талаптарга ылайык иш жүргүзүүдө |
| | 3. Студенттердин жана университеттин жалпы жамаатынын арасында Covid-19 вирусун шарттаган оорулардын алдын алуу, алардын жайылуусуна жол бербөө, реабилитациялык чараларды көрүү жолдору боюнча түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн | Кафедранын жамааты аталган багыттагы түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз ургүзулүүдө |
| | 4. Студенттердин сабактан тышкаркы убакытты рационалдуу пайдалануу менен өсүп-өнүгүүсүнө, инсандык баалуулуктардын туура калыптануусуна шарт түзүү максатында он-лайн форматта ийримдерди, студенттик клубдарды уюштуруу колго алынсын | 2020-ж. ноябрь-декабрь айларында онлайн форматта физикалык лекторий уюштурулду, студенттер физика жана физиканы окутуу методикасы боюнча кызыктуу баяндамаларды жасашты; бул иш мындан ары да улантылмакчы |
| 2. | **ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши (2020-жылдын 22-декабрындагы №3 протокол)** | |
| 2.1. | *«2020-2021-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары» деп аталган **№1-маселе** боюнча кабыл алынган **чечим*** | |
| | 2. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ОшМУга экскурсияга келген учурда факультеттердин, колледждердин, бөлүмдөрдүн жетекчилери тарабынан уюштуруу иштерине | Кафедрада аталган багыттагы иш-чараларга дайыма олуттуу көңүл бурулат |

| | | |
|---|---|---|
| | жогорку деңгээлде көңүл бурулсун | |
| | 3. ОшМУнун сайтындагы адистик/багыттар боюнча маалымагтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен факультеттер (коллеждер) тарабынан толукталып, жацылансын | Кафедра аталган багыттагы маалыматитарды сайтта жаңылап туруу иштерин күчөтүп жатат |
| | 4. Абитуриенттерге кол телефон аркылуу университеттин сайтынан адистиктер боюнча керектуу маалыматтарды алуу, суроолорун калтыруу, катталуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү каралсын | Кафедра аталган багыттагы мүмкүнчүлүктөрдү түзүү иштерин караштырып жатат |
| | 5. 2021-2022-окуу жылына жаңы эксперименталдык билим берүү программаларын ишке ашыруу менен эмгек рыногуна жана мезгилдин талабына жооп берген адистиктерди ачуу факультеттерге милдеттендирилсин | Жаңы окуу жылында 550200 ФМББ багытынын «физика» профилине сырттан окуу формасы боюнча абитуриенттерди кабыл алууга заявка берилди |
| | 7. Факультеттер. коллеждер тарабынан окуу жылы ичинде чет өлкөдө окуп келген студенттер, стипендианттар, мыкты спортсмендер, чыгармачыл өнөрпоздор менен айыл жергесиндеги мектеп окуучуларынын жолугушууларын, тренингдерди еткеруу аркылуу кесипке багыттоо иштери күчөтүлсүн | Кафедра аталган багыттагы мүмкүнчүлүктөрдү түзүү иштерин караштырып жатат |
| 2.2. | *«Окутуунун турдуу формаларында электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары» деп аталган* ***№2-маселе*** *боюнча кабыл алынган* ***чечим*** | |
| | 2. Бар дык структураларда электрондук билим берүү боюнча өвунчө перспективдүү пландар түзүлсүн | Электрондук билим беруу боюнча өвунчө перспективдүү план түзүү караштырылып жатат |
| | 3. Факультеттерде, коллеждерде, гимназияларда комиссия тарабынан аныкталган кемчиликтерди аныктоо жана аларды жоюу иштери улангылсын | Белгилеген кемчиликтерди аныктоо жана аларды жоюу иштери жүргүзүлүүдө |
| | 4. Ар бир окутуучунун функционал дык кызматтык милдетин так аткаруусун такай кылуу кафедра башчыларына жана факультеттердин декандарына жана | Ар бир окутуучунун функционал дык кызматтык милдетин так аткаруусун такай кылууга көңүл бурулуп жатат |

| | | |
|---|---|---|
| | колледждердин директорлуна милдеттендирилсин; | |
| | 5. Факультеттерде, коллеждерде, гимназияларда электрондук билим берүүнү өркүндөтүү боюнча семинарлар, квалификацияны жогорулатуу иштери күчөтүлсүн | Аталган маселе кафедрада талкууланып, окутуучулар бул багытта квалификациясын жогорулатып жатышат (Сапат департамаенти уюштурган семинарга катышуу аркылуу) |
| | 6. Студенттер жана ата-энелер менен электрондук билим берүү каражаттарын камсыздоо боюнча түшүндүрүү иш чараларын жургузуу декандарга жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин | Аталган багытта иш жүргүзүүгө кураторлор катышууда |
| 3. | **ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши (2020-жылдын 28-декабрындагы №4 протокол)** | |
| 3.1. | *«Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылында университетте аткарылган иш-чаралар жана 2020-жылда КРдин Президенти жарыялаган иш пландын аткарылышы жөнүндө» деп аталган* ***№1-маселе*** *боюнча кабыл алынган* ***чечим*** | |
| | 2. Региондордогу көйгөйлөр менен жакындан таанышып, аны чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу тиешелүү факультеттерге жана кафедраларга жүктөлсүн | Аталган көйгөйлөр жана аларды чечүү боюнча кафедранын кандай иштерди жүргүзүү мүмкүндүгү бар экендиги изилденип жатат |
| | 3. ОшМУнун жана башка структуралардын сайттары учурдагы заман талаптарына жараша өркүндөтүлсүн жана сайтка чыккан маалыматтардын тактыгы, тууралыгы, сабаттуулугу катуу көзөмөлдөнсүн (декандар/директорлор жана структура жетекчилери) | Кафедранын сайтын заманбап жаңылоо иштери жүргүзүлүүдө |
| | 8. Факультеттер жана колледждер өздөрүнүн адистиктеринун өзгөчөлүктөрүнө жараша тиешелүү оргтехникаларга жана программалык продукттарга буйрутмаларды даярдап берүү сунушталсын | Кафедра 3 жаңы компьютер жана 1 принтер алууга заявка берген жана ага ректорат тарабынан уруксат берилген; азырынча бул оргтехникалардын алынышы күтүлүүдө |
| | 12. Он-лайн сабак окутуудан алынган тажрыйбаларды дистанттык технологияларды колдонуу менен сырткы белумге кенири жайылтуу күчөтүлсүн (декандар/директорлор) | Кафедра тарабынан аталган багыттагы иш-чаралар көрүлүп жатат |

| | | |
|---|---|---|
| 4. | **ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши (2021-жылдын 26-февралындагы №5 протокол)** | |
| 4.1. | *«2020-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» деп аталган* ***№2-маселе*** *боюнча ректордун* ***БУЙРУГУ*** | |
| | 2. Азыркы учурдагы кырдаалды эске алуу менен, санариптештирүү доорунда университеттин окумуштуулары илимдин жетишкендиктери боюнча чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларынын, илимий-изилдөө институттарынын окумуштуулары менен маалымат алышууларын, биргелешкен илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды. долбоорлорду аткаруу, эл аралык илимий кызматташтыктарды, байланыштарды күчөтүү жана кеңейтүү багытындагы иш- чараларды жакшыртуу максатында иш-пландар иштелип чыгылсын; | Аталган максаттагы иш-планды иштеп чыгуу кафедрада караштырылууда |
| | 3. "ОшМУнун Жарчысы" илимий журналын багыттар боюнча жарыкка чыгаруу, редколлегиянын мүчөлөрү менен журналдын импакт-факторун көтөрүү багытында тийиштүү иштерди алып баруу үчүн иш план түзүлсүн | Кафедрада "ОшМУнун Жарчысы" илимий журналына макалаларды жарыялоону жандандыруу маселеси талкууланды |
| | 5. Университеттин окумуштууларынын, изденүүчүлөрүнүн, магистранттарынын, аспиранттарынын илимий макалаларын импакт-фактору жогору болгон илимий басылмаларда чыгаруусу активдештирилсин жана "Scopus", "Web of science" индекстелген илимий басылмаларда илимий эмгектерди жарыкка чыгаруу боюнча атайын иш-аракеттер өркүндөтүлсүн (кафедралардагы ваканттык профессордук жана доценттик кызмат орундарын ээлөө үчүн да зарыл); | Аталган багыттагы иштерди жандандыруу маселеси кафедранын ушул окуу жылындагы кеңешмелеринде, магистранттар менен жолугушууларда бир нече жолу талкууланды |
| | 6. Илимий макалалардын санынын бир кызматкерге болгон катышын, университеттин эл аралык илимий байланыштарын, патент, автордук күбөлүктүрдү жана | Аталган багыттагы иштер жандандырылып жатат |

| | | |
|---|---|---|
| | илимий макалаларга болгон шилтемелерди Google Академия ж.б. платформаларына жайгаштырууиу уюштуруу иш чаралары аткарылсын; | |
| | 7. НААР улуттук жана эл аралык рейтингинин илимий-иштер боюнча критерийлерин жана талаптарын көтөрүү иш аракегтери ар бир факультет, кафедраларда жана илимий-изилдөө бөлүмүндөе тынымсыз аткарылсын; | Аталган багыттагы иштер аткарылып жатат |
| | 8. Улуттук жана QS глобалдык рейтингдеринин критерийлери жана талагггары боюнча факультеттерде тиешелуу иш-аракегтер аткарылсын (факультеттердин декандары жана улуттук жана эл аралык рейтингдер болуму); № 16273 12.03.2021 | Аталган багыттагы иштер аткарылып жатат |
| | 11. Жергиликтуу мамлекеттик администрациялардын алдында түзүлгөн илимий- техникалык комиссия тарабынан сунушталган илимий долбоорлорду жазуу жана аларды КРдин Билим беруу жана илим министрлиги тарабынан каржылоого өткөрүү' тиешелүү факультеттердин декандары жана кафедра башчылары тарабынан колго алынсын; | Аталган багыттагы иштерди жүргүзүү караштырылып жатат |
| | 13. Факультеттерде илимий, илимий-усулдук семинарларды үзгүлтүксүз өткөрүү маселеси активдештирилсин | Кафедрада «Физиканы окутуунун актуалдуу проблемалары» аттуу илимий-методикалык көп жылдан бери системдүү уюштурулат; бул семинарды доцент Жуманова М. М. жетектейт |
| 4.2. | *«Университеттин факультеттеринде иш берүүчүлөр менен байланыштардын учурдагы абалы жөнүндө» деп аталган **№3-маселе** боюнча ректордун **БУЙРУГУ*** | |
| | 2. Бизнес жана менеджмент факультетинин "экономика" программасы, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин "котормо иши" программасы эл аралык мамилелер факультетинин аймак таануу программасы, | Кафедрада 550200 ФМББ багытынын «физика» профили боюнча НББПны аткарган иштери алгылыктуу деп табылган программалардын катарына кошуунун жолдору иликтенип жатат |

| | | |
|---|---|---|
| | математика жана информациялык технологиялар факультетинин компьютер дик технология га байланышкан программалары, юридика факультетинин “юриспруденция” программасы, педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин “психология” программасы, кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин “журналистика” программаларынын жүргүзүп жаткан иштери алгылыктуу деп табылсын; | |
| | 3. Жумуш берүүчүлөрдү активдештирүү максатындагы иш чараларды күчөтүү факультеттердин декандарына, аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаментине милдеттендирилсин | Аталган багыттагы иш чараларды активдештирүү маселеси кафедрада да жандандырылууда |
| | 4. Аккредитация учурунда агенттиктер тарабынан белгиленген сын-пикирлерди тиешелуу мөөнөттөргө чейин аткаруу программа жетекчилерине милдеттендирилсин; | Аталган багыттагы иштер жүргүзлүүдө |
| | 5. Келишимдик негизинде окутуу учун багыттуу (целевой) даярдоону ишке ашырууну практикалоо ар бир программа жетекчилерине жүктөлсүн; | Аталган багыттагы иштер жүргүзлүүдө |
| | 6. Программаларды даярдоодо жумуш берүүчүлөрдүн бүтүрүүчүлөргө болгон суроо-талаптарын аныктоо, аларды тиешелуу программа жектекчилерине жеткирүү үчүн университеттин практика бөлүмдөрү ишке тартылсын; | Кафедра аталган багыттагы иштерге катышып жатат |
| | 7. Педагогикалык багыттагы программалар иш берүүчүлөр менен кызматташуунун чөйрөсүн кеңейтүү максатында келишимдерди бир гана практика жаатында түзбөстөн, бүтүрүүчүлөрдүн кесипкөйлүгүн жогорулатууга багытталган иштерди камтыган иш чаралар үчүн да түзүү жана аткаруу программа жетекчилерине жүктөлсүн | Кафедрада аталган келишимдерди бүтүрүүчүлөрдүн кесипкөйлүгүн жогорулатууга багытталган иштерди камтыган иш чаралар үчүн да түзүү жана аткаруу маселеси жана аны чечүү жолдору караштырылып жатат |

Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын башчысы, доцент Жуманова М. М.